«Бекитемин»
И. Арабаев атындагы
КМУнун ректору
Абдраева А.Т.
«22» 06 2024-ж.

# ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУНУН 2024-2025-ОКУУ ЖЫЛЫНА КАРАТА АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ

# ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Аттестациялык комиссия КР Өкмөтүнүн 2022-жылдын 30-июндагы № 355 "КР Жогорку окуу жайларына кабыл алуу тартиби жөнүндө" токтомуна ылайык, "Ишеналы Арабаев атындагы КМУга 2024-2025-окуу жылына карата ЖРТнын жыйынтыгы боюнча абитуриентттерди тандоо жана кабыл алуу жөнүндө жобонун", "Ишеналы Арабаев атындагы КМУга 2024-2025-окуу жылына карата кабыл алуу тартибинин" негизинде түзүлгөн.

1.2. И. Арабаев атындагы КМУнун ректору аттестациялык комиссияны уюштуруу жөнүндө чечимди кабыл алат.

1.3. И. Арабаев атындагы КМУнун ЖРТнын жыйынтыгын талап кылбаган адистиктери үчүн, чет өлкөлүк жарандар үчүн, орто жана орто кесиптик билим базасында, жогорку билим базасында экинчи жогорку билим жана магистр академиялык даражасын алуу үчүн кирүү сынактарын аттестациялык комиссия кабыл алат.

1.4. И. Арабаев атындагы КМУнун Уставын, И. Арабаев атындагы КМУга 2023-2024-окуу жылына кабыл алуу тартибин, аттестациялык комиссия өз ишмердүүлүгүндө колдонушат.

## 2. Аттестациялык комиссиянын курамы, мөөнөтү жана ишинин түрлөрү

2.1. Аттестациялык жана экзамендик комиссиялардын ишине кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы жетекчилик кылат.

2.2. И. Арабаев атындагы КМУга студенттерди кабыл алуу, предметтик жана комиссиялардын курамы жөнүндө чечим, кабыл алуу мезгилинде аттестациялык жана экзамендик комиссиялардын курамы университеттин ректору тарабынан кийинки жылга карата бир жылдык мөөнөткө бекитилет

2.3. И. Арабаев атындагы КМУга тапшыруучу абитуриенттердин кирүү сынактары кабыл алуу комиссиясынын кирүү сынактарынын жадыбалынын алкагында өткөрүлөт.

2.4. Жогорку билимдин базасында экинчи жогорку билимге тапшырып жаткан абитуриенттер, ЖРТнын жыйынтыгын талап кылбаган адистиктер жана чет өлкөлүк жарандар үчүн кирүү сынактары тестирлөө формасында өткөрүлөт.

2.5. Магистратурага тапшырып жаткан абитуриенттер үчүн кирүү сынактары багыты боюнча аңгемелешүү формасында өткөрүлөт.

2.6. Абитуриенттер, орто кесиптик билим берүүнүн базасында алган билиминин профилине карабастан акы төлөнүүчү негизде окутуунун бардык формаларына тапшырган абитуриенттер жогорку кесиптик билим алуу үчүн үч предметтен турган тестирлөө формасында кирүү сынактарын тапшырышат.

И. Арабаев атындагы КМУнун колледжинин бүтүрүүчүлөрү (абитуриенттер) алган билиминин профилине карабастан жогорку кесиптик билим алуу үчүн кирүү сынактарын багыты боюнча аңгемелешүү формасында тапшырат.

2.7. И. Арабаев атындагы КМУнун орто билим берүүнүн базасында чет өлкөлүк жарандар үчүн акы төлөнүүчү негизде окутуунун бардык формаларына кирүү сынактарын онлайн тест түрүндө (үч предметтен) өткөрөт.

2.8. И.Арабаев атындагы КМУнун 532000 – "Дене тарбия", 550600 – "Көркөм билим берүү", 570400 – "Дизайн", 570006 – «Кинооператор» багыттары боюнча окутуунун бардык формаларына акы төлөнүүчү жана бюджеттик негизде тапшыруучу абитуриенттер үчүн кирүү сынактарын көрүү же угуу формасында жана эки предметтен (тарых, кыргыз тили же орус тили) тестирлөө түрүндө өткөрөт. Жалпы республикалык тестирлөөнүн (ЖРТнын) жыйынтыгы жогорудагы аталган адистиктерге кабыл алууда талап кылынбайт (КР БИМдин 835/1 буйругу, 2023-жыл, 3-март).

532000 – "Дене тарбия", 550600 – "Көркөм билим берүү", 570400 – "Дизайн" 570006 – «Кинооператор» багыттарына тапшыра турган абитуриенттер ЖРТ боюнча негизги босого упайга барабар тестирлөөнүн жыйынтыгын же андан жогору болгон профилдик предмет (кароо же угуу) (бюджет, контракт) боюнча экзаменди гана тапшырышат.

2.9. Кирүү сынактарысыз акы төлөнүүчү негизде окутуунун бардык формаларына жалпы республикалык тестирлөөдөн ийгиликтүү өткөн негизги жана кошумча тестирлөө боюнча босого упайга барабар же андан жогору упай алган абитуриенттерге конкурска катышууга уруксат берилет.

**3. Аттестациялык комиссиянын ишинин тартиби жана отчеттуулугу**

3.1. И. Арабаев атындагы КМУнун магистратурасына тапшырып жаткан абитуриенттердин билим деңгээлин белгилөөдө төмөнкү баа берүүнүн тартиптери кабыл алынды: "жетиштүү билим","жетишсиз билим".

3.2. Кирүү сынактарын тапшыруучу абитуриенттер үчүн тестирлөө формасында үч предметтен турган баалоо жөнүндө жобо иштелип чыкты.

3.3. Аттестациялык комиссиянын чечимдери рейтингди белгилөө барагына, сынак барактарга жана ведомостко киргизилет.

3.4. Көрсөткүчтөрүн белгилөө барагына, ведомостко жана сынак барактарга комиссиянын төрагасы жана мүчөлөрү кол коюшат, катчылар тарабынан такталып, студенттердин өздүк иштерине сакталат.

3.5. Аттестациялык комиссиянын чечиминин негизинде окуу жылы башталганга чейин кабыл алуу жүргүзүлөт.

**И. Арабаев атындагы КМУнун**
**кабыл алуу комиссиясынын**
**жооптуу катчысы** **Ачекеев К.С.**